«Бекитилди»
Өзгөн медициналык колледжи
директор_____________Ө.Т. Станбаев.
«_28_»__________________2021ж.

**Окутуучуларды жумушка алуудагы жана иштеп жаткан окутуучуларга талап кылынган критерийлер.**

1. Билими ЖОЖдо иштөөгө мүмкүнчүлүк берген (илимий даражасы бар, же адистик боюнча магистратураны аяктаган, жогорку билимдүү адис);
2. ЖОЖ боюнча мамлекеттик стандартты өздөштүргөн;
3. Окутуунун заманбап жаңы технологияларын өздөштүргөн жана колдоно алган;
4. Кесиптик, педагогикалык, психологиялык, социо-маданий компетенттүүлүктөргө ээ болгон;
5. Колледждин методикалык кеңешинде адистик боюнча сабагын ийгиликтүү өтүп бере алган;
6. ББПнын бир нечесин (сапаттуу билим, сынчыл ойлом, инклюзивдик, көп тилдүү билим берүү, инсанга багытталган окутуу ж.б.) өздөштүргөн;
7. Мугалимдик этикетти өздөштүргөн жана туура пайдаланган.
8. Мамлекеттик тилде сүйлөй жана жаза билген.
9. Бекитилген дисциплинасын жакшы билген.
10. Сабакты стандарттын талаптарына жооп бере турган багытта өткөн.
11. Студент тарабынан сабакты өздөштүрүүсүн жогорулатуу жана жакшы адисти даярдоо максатында сабакты өтүүдө эффективдүү формаларды, методдорду жана каражаттарды пайдаланып өтүү менен педагогикалык жаңы технологияларды пайдалана алган.
12. Илимий иш менен алектенген жана студенттерди илимий иштерге тарткан
13. Окуу жайдын Уставын, тартибин, эмгек келишимин сактаган.
14. Окуу программаларын түзүүдө активдүү катышкан..
15. Өз кызмат ордуна жана берилген тапшырмаларды жоопкерчилик менен так өз убагында сабаттуу аткарган.
16. Практикалык тажрыйбасын, педагогикалык чеберчилигин жана профессионалдык квалификациясын жогорулатуунун үстүндө дайыма иш алып барган.
17. Командада иштей алган (толеранттуу, компетенттүү).

«Каралды»
Жалпы кесиптик дисциплиналар
предметтик циклдык комиссиянын
отурумунун №1 протоколу 28. 09. 2021-ж.
ПЦК төрайымы_______________К.Т. Раева.